**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ УЛУТТУК АТТЕСТАЦИЯЛЫК КОМИССИЯ**

**НАЦИОНАЛЬНАЯ АТТЕСТАЦИОННАЯ КОМИССИЯ ПРИ ПРЕЗИДЕНТЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

6-июль 2022-ж. № 12 Бишкек ш.

**Хирургиялык профилдеги клиникалык медицина боюнча эксперттик кеңешти бекитүү жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКынын 2021-жылдын 18-ноябрындагы № 17 буйругуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 2-сентябрында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө ПЖ № 377 Жарлыгы менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө» жобону, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-январында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын маселелери жөнүндө ПЖ № 12 Жарлыгы менен бекитилген Эксперттик кеңеш жөнүндө жобону жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын президиумунун 2022-жылдын 30-июнундагы № 395 токтомунун (№ 6э/к-4/15 протоколу) негизинде **буйрук кылам:**

Хирургиялык профилдеги клиникалык медицина боюнча эксперттик кеңештин курамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКынын 2021-жылдын 18-ноябрындагы № 17 буйругуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-январында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын маселелери жөнүндө ПЖ № 12 Жарлыгы менен бекитилген Эксперттик кеңеш жөнүндө жобонун 11-пунктунда белгиленген талапка жооп бербегендигине байланыштуу эксперттик кеңештин курамынан төмөнкү эксперттик кеңештин мүчөлөрү чыгарылсын:

- эксперттик кеңештин төрагасынын орун басары 14.01.12 – онкология (авторефераты боюнча), 14.01.03 – кулак, мурун жана тамак оорулары (эмгектеринин жыйындысы боюнча) жана 14.01.13 – нур диагностикасы, нур терапиясы (эмгектеринин жыйындысы боюнча) адистиктери боюнча м.и.д., проф. Миненков Геннадий Олегович;
- 14.01.23 – урология (авторефераты боюнча) адистиги боюнча м.и.д. Муканбаев Касымбек.

2. Эксперттик кеңештин курамына төмөнкү адистер киргизилсин:

- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Кыргыз курортология жана калыбына келтирип дарылоо илимий-изилдөө институтунун директору м.и.д., проф., КР УИАнын акад. Сагымбаев Марат Акимович 14.01.15 – травматология жана ортопедия (авторефераты боюнча) адистиги боюнча медицина илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденүүгө жазылган диссертацияларды кароо укугу менен;

- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Улуттук онкология жана гематология борборунун илимий иштер боюнча директордун орун басары м.и.д., проф. Шаимбетов Бакыт Орозбекович 14.01.12 – онкология (авторефераты боюнча), 14.01.13 – нур диагностикасы, нур терапиясы (авторефераты боюнча) жана 14.01.03 – кулак, мурун жана тамак оорулары (эмгектеринин жыйындысы боюнча) адистиктери боюнча медицина илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденүүгө жазылган диссертацияларды кароо укугу менен.

3. Эксперттик кеңештин төрагасынын орун басарлыгына м.и.д., проф., КР УИАнын акад. Сагымбаев Марат Акимович дайындалсын.

**Төрага** **Б. К. Тыналиева**